УДК 611.013

**Сыдыков Канат Анарбекович**
И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети, Гуманитардык билимдер факультети, Теология кафедрасы, магистрант
**Сыдыков Канат Анарбекович**
Кыргызский Национальный Университет им. И. Арабаева, Факультет Гуманитарных знаний, Кафедра теологии, магистрант
**Sydykov Kanat Anarbekovich**
Arabaev Kyrgyz State University, Faculty of Humanities, Department of Theology, ungraduate

# УЧУРДАГЫ ЖАШТАРДА ТОЛЕРАНТТУУЛУКТУ ТАРБИЯЛООДО ИСЛАМ ДИНИНИН ПОТЕНЦИАЛЫ

# ВОСПИТАТЕЛЬНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ ИСЛАМА В ВОСПИТАНИИ ТОЛЕРАНТНОСТИ МОЛОДЕЖИ

# EDUCATIONAL POTENTIAL OF ISLAM TO TOLERANCE OF YOUTH

**Аннотация:** Макалады тарбиянын зарылдыгы – бул негизинен эле заманбап жашоонун талабы экендиги тууралуу терең маалымат берилет. Бүгүнкү жаңы шарттарда коомдун руханий оңолуусуна ислам дини чоң салым кошо алат. Бир адамдын башка адамдар менен мамиле куруусунда толеранттулука ээ болуусу өтө зарыл. Анткени толеранттуулук – бул сабырдуулук, махабат жана бири бирине болгон кам көрүү.

**Аннотация:** В статье рассматривается важность воспитания современной молодежи. В современных реалиях ислам может оказать значительную пользу в духовном усовершенствовании общества. В строении отношений между людьми – толерантность имеет очень важную роль. Ведь толеранстность – это терпимость, взаимопонимание и забота людей друг о друге.

**Annotation:** The article discusses the importance of educating modern youth. In modern realities, Islam can be of significant benefit in the spiritual improvement of society. In the structure of relationships between people, tolerance has a very important role. After all, tolerance is mutual understanding and people's concern for each other.

**Ачкыч сөздөр:** Тарбия, потенциал, толеранттуулук, жаштардын тарбиясы, тарбиялык потенциал, адеп – ахлак.

**Ключевые слова:** Воспитание, потенциал, толерантность, воспитание молодежи, воспитательный потенциал, нрав.

**Key words:** Upbringing, potential, tolerance, upbringing of young people, upbringing potential, disposition.

Ислам дини өзүнүн педагогикалык багытында адамга илим үйрөтүп, билим үйрөтүп, акыйкатты жалгандан ажыратканды үйрөттү; ыйык Куран таанып, улуу Пайгамбардын артынан ээрчип, туура ойлонгонду жана ошого жараша туура кадам таштап, жакшы иштерди аткарууга үндөдү.

Исламда тарбиянын жана билим берүүнүн ролу өтө чоң жана ал илимдүүлөрдү, же болбосо аалымдарды баалап, аларды кадырлаганга үндөйт. Ислам дини илинди бешиктен

кабырга чейин алууга чакырып, илим алууну – парз деп билет. Исламдын тарбиядагы ролунун чоңдугу Хадис аалымдарынын көптүгүнөн, диний философтордун, адабиятчылардын, суфийлердин, энциклопедисттердин көптүгүнөн бааласак болот.

Курандын өзүндө да “билим жана тарбия” терминдери көп кездешип, караңгылыктан чыгаруучу багыт катары көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге ыйык Куран социалдык коз караштан дагы, толеранттуулука көп көңүл бурат[1].

Ислам педагогикасында толеранттуулукту өстүрүү – өтө чоң ибадат катары бааланат. Ой жүгүртүү жана ойчулдук динде акыл потенциалды өстүрүүдө эң негизки фактор деп айтсак жаңылышпайбыз. Качан адам акылын иштетип, терең ой жүгүртсө, ошондо толеранттуулукту табат. Мисалы, жаратылышты карап ой жүгүрүү; жер асманды карап, ай – жылдыздарды карап, минерал, өсүмдүктөрдү жана ошондой эле негизинен эле адамдын жаралуу структурасы тууралуу ой жүгүртүү – ушунун баардыгы деле акыл потенциалын пайда кылууда жана өстүрүүдө чоң себеп болуп саналат[2].

Тарбиянын зарылдыгы – бул негизинен эле заманбап жашоонун талабы. Бүгүнкү жаңы шарттарда коомдун руханий оңолуусуна ислам дини чоң салым кошо алат. Негизинен эле, бир адамдын башка адамдар менен мамиле куруусунда толеранттулука ээ болуусу өтө зарыл. Анткени толеранттуулук – бул сабырдуулук, махабат жана бири бирине болгон кам көрүү. Ал эми толеранттуулук деген эмне? Толеранттуулук (лат. tolerantia - чыдамдуулук, көтөрүмдүүлүк) - кандайдыр бир нерсеге, анын ичинен, башкалардын оюна, диний ишенүүсүнө чыдамкайлуулук, сабырдуулук[3].

Толеранттуулук термини көптөн бери медицинада (иммунология, токсикология, фармакология) токсикалык жана фармацевтик препараттарды сезүүнүн төмөндөшү, ошондой эле кээ бир антигендерге иммунологиялык реакциялардын жоктугун же начарлаганын белгилөөдө колдонулган. Саясаттагы Толеранттуулук башка саясий, идеологиялык көз караштарга, концепцияларга чыдамдуулук менен мамиле кылууда чагылдырылган. Саясий термин катары Толеранттуулук XX к. экинчи жарымынан тартып бул же тигил саясий күчтөрдүн, бийликтин субъектилеринин, идеологиялык саясий оппозициянын чөйрөсүндө айтылып, конституциянын чегинен чыкпастан туруп, жарандык коомдун түрдүү социалдык топторунун же жалпы өлкөнүн саясий климатына таасир тийгизе турган башкача ойлоого, пикирлерге жана баалоого карата чыдамдуулугун билдирүү үчүн колдонула баштаган[4].

Айрым саясий ишмердин турмушунда саясий Толеранттуулук анын саясий каршылаштарынын пикирин угуу жөндөмдүүлүгүндө жана даярдыгында, алардын тууралыгын, өзүнүн каталыгын жана жаңылыштыгын таануусунда чагылдырылат. Бул болсо инсандын жогорку саясий маданиятынын күбөсү болуп эсептелет. Саясий Толеранттуулук жарандык коомдун калыптануусунун башкы шарты, саясий кампрамисстерге жетүүгө, коллективдик чечимдерди консенсус жолу менен кабыл алууга алдын-ала өбөлгө болуп эсептелет. Толеранттуулук саясий бийликтин принциптеринин бири деген пикир саясат таанууда ырасталууда. Тарбиянын мазмунун курууда, түзүүдө маселеге культурологиялык мамиле жетекчиликке алынды. Мындай методологиянын маңызы инсандын жан дүйнөсүн, адеп-ахлагын өз элинин, ата-бабалардын маданий-рухий, адептик-ыймандык асылнарктар системасынын, өлкөбүздө жашаган боордош калктардын гуманисттик, моралдык салт-санаасынын, жалпы адамзаттык маданий баалуулуктардын негизинде калыптандыруу жана өнүктүрүү идеясына негиздегендигинде. Аталган методологиялык амалдын түпкү мүдөөсү кылымдардын жүрүшүндө социумда топтолгон маданий-тарыхый, адеп-ахлактык тажрыйбанын трансформацияланышына сүрөө болуу[5].

Ошону менен бирге исламдын азыркы заманбап жаштардын тарбиялык потенциалын өстүрүүгө жардам берет. Негизинен, “потенциал” деген түшүнүк көптөгөн мааниге ээ. Потенциал – кандайдыр бир маселени чечүү, белгилүү бир максатка жетишүү үчүн пайдаланууга мүмкүн болгон булактар, мүмкүндүктөр, каражаттар, запастар; айрым бир адамдын, коомдун, мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрү, мисалы, экономикалык потенциал.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Подласый И.П. Педагогика: 100 вопросов - 100 ответов: учеб. пособие для вузов
2. Гайнутдин Р. Ислам: вера, милосердие, терпимость. -М., 1997.125 с.
3. Еремеев Д.Е. Ислам: образ жизни и стиль мышления.- М.: Политиздат, 1990.-288с.
4. Фирсова, Авдийский, Эскиндаров: Современные подходы в воспитании молодежи: традиции и инновации.
5. Абдулла М. Абдул-Мути: Воспитание в Исламе. Наши дети

**Рецензент: д. ф. н., профессор Амердинова М.М.**